МАКУЛДАШЫЛДЫ:

Профсоюз комитетинин

төрайымы:____________

Акбар к Мээрим.

БЕКИТЕМИН:

Чым-Коргон айылындагы

Ө.Коңурбаев атындагы

Самансур орто мектебинин

директору ____________

Молдокулова А.К.

Ө.Коңурбаев атындагы Самансур орто мектебинин информатика кабинетинде техникалык коопсуздук эрежесин сактоо жөнүндө жобо.

1.ЖАЛПЫ ЖОБО:

- Компьютердик класска техникалык коопсуздук эрежелери менен жана ден соолугу боюнча уруксат берилген окуучулар кире алат.
- Компьютердик класста иштөө үчүн окуучуларга мугалимдин көзөмөлү гана уруксат берилет;
- Сабак учуранда бейтааныш в\адамдар мугалимдин уруксаты менен сабака катыша алат;
- Танапис учурунда крмпьютердик класс окуучулар сыртка чыгаар менен желдетилет.
- Эскертүү; ар бир окуучу өзү отурган жумушчу ордунун тазалашы жана ал турган компьютерге жооптуу.

Компьютер менен иштөөдө буларды аткаруу зарыл:

- Жумуш ордуңар жайында экенине ынануу;
- Дептерлерди жана окуу куралдарын компьютер менен иштөөгө тоскоол  болбогудай жайгаштыруу;
- Компьютерге тазкол менен ган тийүү;
- Компьютерди мугалимдин уруксаты менен жандыруу жана өчүрүү
- Тынчтыкты жана тартипти сактоого;
- Мугалимдин талаптарын аткарууга;
- Интенет тармакта иштегенде өзүнүн аты жана паролу менен иштөөгө;
- Компьютерде иштөө режимин сактоого;
- Иштеп бүткөндөн кийин бардык активдүү программаларды жабуу жана компьютерди туура өчүрүү;

- Монитордун жана системалык биримдиктин индекаторун карап, анын иштеп турганын аныктоо. Мышты жылдыруу энергия үнөөмдөчү аб чыгаруу же компьютер өчүк болсо иштетүү керек.
- Жумуш ордун тазалап коюу.

Буларды жасаган таптакыр тыюу салынат:

- Класска сырт же нымдуу кийим менен келүүгө,класска тамак ,суусундук алып кирүүгө.
- Кабелдерди туташтырууга же ажыратууга,электрге туташтыргычтарды жана зымдарды кармоого;
- Мониторду жылдырууга же анын экранына кол тийгизүүгө;
- Клавиатуранын,системдик биримдиктин жана монитордун үстүнө дептерлерди коюуга;
- Башка бирөөнүн файлдарын жок кылуу жана жылдыруу;
- Мугалимдин уруксаты жок CD DVD дисктерди,USB флежкаларды колдонууга.
  Эгер уруксат берилген болсо,иштетүүдөн мурун аны антивирустук прогрмма менен вирусту текшерип кирүү керек.
- Компьютердик оюндарды алып келүү жана иштетүүгө;
- Өзүңдү жаман сезип турганда иштөөгө;
- Кабинетке бирөө кирсе,мугалимдин уруксаты жок туруууга;
- Мугалимге жана башка окуучуларга тоскоолдук кылууга.

Ден соолугуңарга зыян келтирбеш үчүн компьютерде иштеп жатканда,төмөнкү эрежелерди сактоо зарыл;

- Компьютерде үзгүлтүксүз иштөө режими 20 мүнөттөн ашпашы керек;
- Көз ачышканда ,көрүү кескин начарлап кеткенде,колдун манжалары жана муундар ооруганда,жүрөктүн согуусу тездегенде-дароо ишти токтотуп,ал жөнүндө мугалимге билдирүү зарыл.
- Экрандан көзгө чейинки аралык 70-80 см (сунулган колдун аралыгы):
- Моюн бир аз ийилген,экран көздүн деңээлинен бир аз ылдый жайгашкан;
- Далы түз,ийиндер эркин жана ьош турат;
- Чыканак менен тизелер тик бурч түрүндө болот;
- Стуолдун чекеси тизенин арткы жагын кыспайт;
- Буттар учкаштырылыпбастан,түз жайгашкан;

Авариялык кырдаалдадагы коопсуздук талаптары;

- Программалык каталар жаралганда жана жабдуу иштебей калганда,мугалимге кайрылгыоа.
- Күйүктүн жыты келгенде же адаттагыдай башкача үн чыга баштаганда,ишти дароо токтоткула жана мугалимге маалымдагыла.